# МАЙЫПТЫК ТЕМАСЫН ЧАГЫЛДЫРГАН ЖУРНАЛИСТТЕР ҮЧҮН ЧЕК-ЛИСТ

**Майыптык темасын чагылдыраардан мурун журналисттер эмнени билип алуусу керек?**

1. Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясы менен таанышуу;
2. Майыптыктын медициналык жана социалдык-укуктук моделдеринин айырмасын түшүнүү;
3. Туура терминологияны колдонуу.

**Майыптык тууралуу материал даярдоодо эмнеге өзгөчө көңүл буруу керек?**

1. Майыптыгы бар адамдар коомдун ажырагыс бөлүгү катары кабыл алуу жана аларды эч качан коомдун өзүнчө тобу катары бөлүп көрсөтпөө.
2. Автордун позициясын Конвенциянын принциптерине жараша өзгөртүү.
3. Майыптыгы бар адамдар тууралуу терс стереотиптерди тараткан материалдарды жаратпоо.
4. Майыптыгы бар адамдарды адис, баалуу билимдин булагы, сапаттуу кызмат көрсөткөн, жакындарынын таянычы, коомго пайда келтирүүчү инсандар катары көрсөткөн материалдарды даярдоо.
5. Майыптыгы бар адамдарга карата коомчулуктун аёо сезимин туудурган материалдарды жаратпоо.
6. Жеткиликтүү чөйрөнү курууга үндөгөн материалдарды даярдоо.

# Коом майыптыгы бар адам тууралуу кандай пикирде болуусу керек?

- өз алдынча аракет кыла албаган, жардамга муктаж адамдар ✗



- дарылануучу муктаж оорулуу адамдар ✗



- жеткиликтүү чөйрө болсо, башкалардай эле коомдун турмушуна активдүү катышып, өнүгүүсүнө салым кошо алган адамдар ✔



# Майыптык темасында материал жазып жатканда кайсы терминди колдонуу туура

- **майыптыгы бар адам** ✔
- **ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам** ✗
- **майып** ✗



**"Майып"** деген термин коом тарабынан сынга алынып, бул сөздө дискриминациялоо бар экени айтылат. "Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам" термини дагы туура эмес. Эгерде адамдын катуу грипп болуп же буту сынып калып, убактылуу гипс салынып жүрсө анда ал дагы мүмкүнчүлүгү чектелген адамга айланат. Бирок мыйзам боюнча ал адамга майыптык статусу ыйгарылбайт. Буга байланыштуу мамлекеттик орган тарабынан берилген социалдык-укуктук статуска ээ адамдарды **"майыптыгы бар адамдар"** деп атоо сунушталат.

## Туура терминдерди колдонууга аракет кылыңыз

| Колдонуу сунуш кылынат | Колдонбоо сунуш кылынат |
|---|---|
| **Коляска колдонгон адам** | Коляскага кадалган адам |
| **Кулак угуусу начар адам** | Дүлөй, |
| **Көзү азиз, көзү көрбөгөн адам** | Сокур |
| **Омуртка жаракаты бар адам** | Паралитик |
| **Майыптыгы бар адам** | Мунжу, чолок, шал |
| **Өнүгүүсү артта калган адам** | Кем акыл |
| **Даун синдрому бар адам** | Даун |
| **Майыптыгы бар спортчулар** | Спорт менен машыккан майыптар |
| **Өнүгүүсү артта калган адам** | Акыл-эси жетишпеген адам |
| **Эпилепсиясы бар адам** | Эпилептик |
| **Психикалык жана эмоционалдык өзгөчөлүгү бар адам** | Жин оорулуу, жинди |
| **Өнүгүүсү артта калган адам** | Жарым жан, бир нерсеси жетишпеген |
| **Өнүгүүсү артта калган адам** | Артта калган, Жинди |

# Терс стереотиптерди таратпаңыз

## Майыптыгы бар адамдар жөнүндөгү журналисттик материал - бул



**инсан, анын кызыкчылыктары, жетишкендиктери, келечек пландары, кыялдары, хоббиси жөнүндө материал ✔**

**адамдын майыптыгынын тарыхы, анын көйгөйлөрү, азап чегүүлөрү жөнүндө материал ✗**





| Туура | Туура эмес |
|---|---|
| **Жеткиликтүү чөйрө болсо майыптыгы бар адамдар билим алып, иштей алышат** | Ден-соолугуна байланыштуу майыптардын иштеши, окушу кыйын |
| **Майыптыгы бар адамдар майыптыгы жок адамдар сыяктуу эле, ар кандай болушат. Арасында таланттуусу, токтоосу, уялчаагы, ар түрдүү инсандар бар.** | Майыптар негизинен коркок болушат, өзүнө ишенишпейт, ар дайым жардамга муктаж |
| **Майыптыгы бар адамдар иштеп, салык төлөп мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошо алат.** | Майыптыгы бар адамдар ар дайым жардамга, жөлөк пулга муктаж. |
| **Майыптыгы бар аялдар турмушка чыгууга, балалуу болууга укуктуу.** | Майып аялдар турмушка чыга албайт, чыкса дагы төрөбөшү керек. |
| **Майыптыгы бар адамдар үй-бүлө куруп, балалуу болуп, иштеп, аларды багып күтө алат.** | Майыптыгы бар адамдар үй-бүлө кура алышпайт, себеби ага кам көрө албайт. |
| **Майыптыгы бар балдар жалпы билим берүү мектептерде жана майыптыгы бар балдарга арналган мектептерде окушу керек.** | Майып балдар башка балдарга аралашпай өзүнчө атайын майыптыгы бар балдарга арналган мектептерде окушу керек. |
| **Майыптыгы бар адамдар үчүн башканын жардамысыз өз алдынча жашоого, билим алууга, иштөөгө жеткиликтүү чөйрө түзүлүп берилиши керек.** | Майыптар үчүн адистештирилген мекемелерде өзүнчө билим алууга, жашоо жана дарыланууга бардык шарттар түзүлүшү керек. |
| **Жеткиликтүү чөйрө болсо, майыптыгы бар адамдар билим алып, иштеген жеринин өнүгүшүнө чоң салым кошо алат.** | Майыптар дээрлик билимсиз болушат, ошон үчүн аларды жумушка да албайт. |

# Аудиториянын аёо сезимин жаратууга аракет кылбаңыз

**Журналист майыптыгы бар адамдарга баарынан мурда эмне керек экенин жакшы түшүнүп алуусу зарыл:**

- жогорку пенсиялар, жөлөкпулдар, жыл сайын акысыз санаторий-курорттук дарылануу ✗
- боорукердик, жардам ✗
- жеткиликтүү чөйрө ✔

**Конвенцияга ылайык, "жеткиликтүү чөйрө" бул - физикалык, маалыматтык жана коммуникациялык жеткиликтүүлүктүн комплекси.**


**Алар: Брайл шрифти, тифло коштоо, жаңсоо тили, аудио, видео, лифттер, үн светофорлор, тактилдик тактала, пандустар, жеткиликтүү жолдор ж.б.**



| Туура | Туура эмес |
|---|---|
| **Ал көп жылдан бери спорт менен машыгып, жакында алтын медалга ээ болду.** | Ал майыптыгына карабастан спорт менен машыгып алтын медалга ээ болду. |
| **Кайда иштөөнү каалайт элеңиз, эмне менен алектенген жагат?** | Бирине тартса, бирине жетпеген жашоодо кантип күн көрүп жатасыз? |
| **Асан бизнесин ийгиликтүү жүргүзүп, азыр айылга жол салып берип атат.** | Асан дени сак адамдарга салыштырмалуу, бизнесин ийгиликтүү жүргүзүп, айылга жол салып берип атат. |
| **Ал аял үй-бүлө куруп, балалуу болуп, жакында үй алды.** | Ал аял майыптыгына карабастан, үй-бүлө куруп, балалуу болуп, жакында үй алды. |
| **Айгүль колунан көөрү төгүлгөн уз кыз, жаштар үчүн заманбап кийимдерди түрлөп токуйт, кардарлары кезеке жазылышат.** | Айгүлдүн алган жөлөк пулу дарысына да жетпейт, тынбай кийим токуп сатып эптеп күн кечирип жашап келет. |

# Майыптыгы бар адам менен баарлашуу этикетинин эрежелери

1. Маектешүү учурунда аны коштоп жүргөн адамга же сурдокотормочуга эмес, өзүнө түз кайрылуу шарт.
2. Таанышып же учурашып жатканда кол алышуу табигый нерсе. Колун кыймылдата албаган, протез колдонгон адамдар дагы оң же сол колун суна алышат.
3. Көрүүсү начар адамга өзүңүздү жана сиз менен кошо келген адамдарды тааныштырып коюу зарыл.
4. Жардам бергиңиз келсе, “жардам берейинби” деп алдын ала сураңыз. Сизден сурабаса, жардам бербеңиз.
5. Коляскасына таянуу же асылуу кыжырды келтире турган нерсе. Майыптык коляска – анын кол тийгис мейкиндигинин бөлүгү болуп саналат.
6. Сүйлөөсү жагынан кыйынчылыгы бар адам менен баарлашууда кунт коюп угуңуз, оюн айтып бүтүргөнчө күтө туруңуз, оңдобоңуз жана анын ордуна сөздөрүн улантпаңыз. Түшүнбөй калсаңыз кайра сураңыз. Түшүнгөнүңүздү кайталаңыз – кайталоо адамдын сизге жооп беришине, сиз болсо аны түшүнгөнгө жардам берет.
7. Коляска колдонгон адам менен баарлашууда көзүңүз менен анын көзү бирдей деңгээлде болуусу шарт.
8. Угуусу начар адамдын көңүлүн буруу үчүн колуңузду булгап же далыга таптаңыз. Анын көзүнө тике карап, так сүйлөңүз, бирок угуусу начар адамдардын бардыгы эле эриндердин кыймылдашынан окуй албасын унутпаңыз.





Ministry for Foreign Affairs of Finland

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

UNDP

*Саламаттык сактоо жана социалдык өнүгүү министрлигинин демилгеси менен БУУӨПтүн жана Финляндия ТИМинин «КРде  укуктук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү үчүн туруктуу сот адилеттигине жетүү» долбоорлорунун колдоосунда  даярдалды.*

***Журналисттер, студенттер, блогерлер жана башка баардык кызыккандар үчүн иштелип чыкты.***



